| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын
III-кезектеги сессиясынын
Токтому №4/4

2025-жылдын 27-марты Жаңы-Арык айылы

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Кызарт айылындагы ҮДТ №2 нин УЗИ кызматтарынын баасын бекитүү жана женилдиктерди берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Кызарт айылындагы ҮДТ №2 нин башчысы Г.Дюшееванын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Кызарт айылындагы ҮДТ №2 нин УЗИ аппаратынын кызматтарынын баасы ар бир орган үчүн 100 (жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин;
2. Айыл аймагындагы 70 жаштан жогору жарандарга, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга, баатыр энелерге, томолой жетимдерге жана диспансердик көзөмөлдөгү адамдарга УЗИ кызматтары акысыз көрсөтүлсүн;
3. Түшкөн каражат УЗИ аппаратында колдонулуучу гель ,салфетка ж.б сатып алууга жана медицина кызматкеринин билимин жогорулатууга жумшалсын;
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Кызарт айылындагы ҮДТ №2 нин башчысы Г.Дюшеевага тапшырылсын;
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

Төрага: Уланбек уулу Жыргалбек